**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**ДЕПУТАТТАРДЫН КЫЗЫЛ-КЫЯ**
**ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2023 – жылдын 26-июну № 26/88**

«Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесине негиз жана шаардык кеңештин учурдагы сессиясында депутаттар тарабынан көтөрүлгөн маселелерди эске алып, Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин учурдагы сессиясынын “Ар түрдүү маселелерди” талкуудагы депутаттар тарабынан айтылган сын-сунуштарды, суроо талаптарды аткаруу, таштанды таштоочу жайдын документтерин Уч-Коргон айыл өкмөтү менен бүтүрүү, таштанды таштоочу жайды кеңейтүү жагы шаар мэри А.Маткалыковго жүктөлсүн.

2. Таштандыларды өз убагында чыгаруу, санэпидкөзөмөл борбору менен биргеликте(СЭС) мезгил-мезгили менен таштанды таштоочу жайды санитардык тазалоодон өткөрүү (дезинфекция), таштанды таштоочу жайда иштеп жаткандар менен келишим түзүү, таштандылар күйүп айлана-чөйрөгө терс таасирин тийгизбөө максатында таштандыларды топурак менен көмүү, көрктөндүрүү жана жашылдандыруу боюнча адисти ишке алуу “Кызыл-Кыя-Тазалык” ишканасынын жетекчиси К.Шератовго милдеттендирилсин.

3. Шаардык кеңештин Коммуналдык объекттер, менчик, мүлк, экология, санитардык тазалоо, көрктөндүрүү, архитектура жана курулуштар маселелери боюнча жана Ишкерлер, өнөр жай, транспорт, коммуникация, жана агрардык маселелери боюнча туруктуу комиссияларына Уч-Коргон айылдык кеңеши менен биргеликте отурум өткөрүп, таштанды таштоочу жайды кеңейтүү маселесинин үстүндө сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү жагы жүктөлсүн.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин Коммуналдык обьектер, менчик, мүлк, экология, санитардык тазалоо, көрктөндүрүү, архитектура жана курулуш маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төраганын м.а** **Т.Алимбекова**